**Аралыктан товарларды сатып алуу-сатуу келишимин түзүү жөнүндө**

**АЙКЫН СУНУШ (ОФЕРТА)**

Төмөндө берилген офертанын (мындан ары – Оферта) тексти жеке жактарга (мындан ары – Колдонуучу) даректелген “Умай Групп” жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары – Компания) (жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чокан Валиханов көч., 16), мындан ары чогуу “Тараптар” деп аталгандар, Колдонуучу менен “GLOBUS” мобилдик колдонмосунда жана www.globus-online.kg интернет сайтында (мындан ары – Сервис) жайгаштырылган “GLOBUS” интернет-дүкөнүндө ушул Офертада жана Сервистин башка беттеринде берилген шарттарда аралыктан товарларды сатып алуу-сатуу келишимин (мындан ары – Келишим) түзүү тууралуу расмий айкын сунушу болуп саналат. Келишим Колдонуучу ушул Офертада каралган жана кандайдыр бир алып салууларсыз же чектөөлөрсүз кошулуу шарттарында ушул Офертанын бардык шарттарын толук жана шартсыз кабыл алууну (акцепт) билдирген аракеттерди жасаган учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет жана Келишимдин күчүнө ээ болот. Ушул Офертаны кабыл алуу (акцепт) боюнча аракеттерди жасоо менен Колдонуучу өзүнүн аракетке жөндөмдүүлүгүн, ошондой эле Колдонуучунун мыйзамдуу укугун жана Компания менен келишимдик мамилелерге кирүүгө чектөөлөрдүн жоктугун тастыктайт. Эгерде Колдонуучу ушул Офертанын шарттары менен толук же жарым-жартылай макул болбосо, Колдонуучу Сервисти пайдалануудан баш тартууга милдеттүү. Жогоруда берилген жоболорго карабастан, Компания өз ыктыяры боюнча Колдонуучуга Келишимге кошулуудан баш тартууга укуктуу. Офертанын колдонуу мөөнөтү чектелбейт. Офертанын актуалдуу редакциясы Офертанын (акцепт) шарттарын кабыл алуу боюнча Колдонуучу аракеттерди жасаган учурга чейин милдеттүү тартипте таанышуу үчүн www.globus.kg дареги боюнча Компаниянын расмий сайтында жана мобилдик колдонмодо жарыяланган. Колдонуучу ушул Офертанын бардык шарттары ага түшүнүктүү экендигин жана аларды шартсыз жана толук көлөмдө кабыл аларын кепилдейт. Колдонуучу логиндин жана паролдун коопсуздугу үчүн, аларды жоготуу, ачыкка чыгаруу, уурдатуу үчүн жана Колдонуучунун каттоо маалыматтарын өз максаттарында пайдаланган үчүнчү жактардын аракеттери үчүн толук жоопкерчилик тартат, ошондой эле алардын купуялуулугун өз алдынча камсыз кылат. Тараптар Сервисте Жеке кабинетке кирүүдө Колдонуучунун логинди жана паролду пайдалануусу Колдонуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасына теңештириле тургандыгын таанышат жана талашпайт. Ушул Офертаны кабыл алуу менен Колдонуучу Компанияга ушул Офертанын шарттарында Келишим түзүү жана аны андан ары аткаруу максатында өзүнүн жеке маалыматтарын иштеп чыгуунун ар кандай ыкмаларына, анын ичинде автоматташтыруу каражаттарын пайдалануу менен же мындай каражаттарды колдонбостон жеке маалыматтар менен жүргүзүлүүчү ар кандай аракеттерге (операцияларга) же аракеттердин (операциялардын) жыйындысына, анын ичинде жеке маалыматтарды чогултууга, жазууга, системалаштырууга, топтоого, сактоого, тактоого (жаңылоого, өзгөртүүгө), алууга, пайдаланууга, берүүгө (жайылтууга, берүүгө, жетүү мүмкүндүгүнө), ээсиздендирүүгө, блоктоого, өчүрүүгө, жок кылууга эркин, өз эрки менен жана өз кызыкчылыгында мөөнөтсүз шартсыз жазуу жүзүндөгү макулдугун берет. Сервис Колдонуучунун максималдуу ыңгайлуулукка жетүүсү үчүн, жекелештирилген маалыматты берүү, маркетинг жана өндүрүм жаатында каалоолорду эстеп калуу, ошондой эле туура маалымат алууга жардам берүү менен, cookie файлдарын жана ушул сыяктуу технологияларды колдонот. Сервисти пайдаланганда Колдонуучу cookie файлдарын жана ушул сыяктуу технологияларды пайдаланууга макулдугун тастыктайт.

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

1.Авторизациялоо – Колдонуучу киргизген аутентификациялык маалыматтарды талдоо жана салыштырып текшерүү процесси, анын жыйынтыктары боюнча Колдонуучунун Сервистин кызматтарына жетүү мүмкүндүгүн алуу укугуна ээ экендиги аныкталат. Авторизациялоо Компаниянын программалык-аппараттык каражаттарын пайдалануу менен жүргүзүлөт.

2.Аутентификациялык маалыматтар – Интернет тармагынан жана/же Мобилдик колдонмо аркылуу Сервиске кирүү үчүн пайдаланылган Колдонуучунун уникалдуу аты (логин), пароль. Аутентификациялык маалыматтар Колдонуучу Сервисте катталган учурда Колдонуучуга ыйгарылат.

3.Верификациялоо – бул Колдонуучуну текшерүү, ал КР мыйзамдарына каршы келбеген, Компания тарабынан аныкталган ыкма менен жүргүзүлөт.

4.Келишим – ушул Келишим, ошондой эле КР Жарандык кодексинин 176-беренесине ылайык Сервисте жана/же Колдонуучунун жеке кабинетинде жарыяланган, Сервисте кызмат көрсөтүү боюнча Тараптардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салган башка документтер жана билдирүүлөр, анын ичинде электрондук түрдөгү документтер.

5.Жеткирүү/Чабарман – Компаниянын өз алдынча же транспорттук-логистикалык, чабарман кызматтарын же башка үчүнчү жактарды тартуу менен Товарларды Тапшырыктар боюнча Колдонуучуларга жеткирүүнү уюштуруу боюнча кызматы.

6.Тапшырык –Колдонуучу тарабынан көрсөтүлгөн дарек боюнча же Сервисте тандалган Товарларды өз алдынча алып кетүү аркылуу сатып алууга жана жеткирүүгө Колдонуучунун тийиштүү түрдө таризделген суроо-талабы.

7.Конклюденттик аракеттер – Колдонуучунун Келишим түзүүгө макулдугун/эркин билдирген аракеттери. Ушул Офертанын шарттарында бул Келишимди түзүү үчүн зарыл болгон конклюденттик аракеттер ушул Офертанын 4-бөлүмүндө белгиленген.

8.Жеке кабинет (аккаунт) – бул Колдонуучу өзү орноткон (жайгаштырган) Колдонуучунун маалыматтарынын жана жөндөөлөрүнүн жыйындысы. Ар бир Колдонуучу бир гана Жеке кабинетке ээ болууга укуктуу.

9.Материалдар – Колдонуучу же Компания Сервисте жайгаштырган ар кандай маалымат/контент.

10.Мобилдик колдонмо – бул Мобилдик колдонмону пайдаланууга мүмкүндүк берген, Android жана iOS операциялык системаларынын негизде (бирок алар менен чектелбестен) Мобилдик колдонмонун катышуучулары үчүн арналган Компаниянын программалык камсыздоосу.

11. “Дүкөн” – Сервистин жардамы менен Колдонуучуга Товарды аралыктан сатып алуу мүмкүнчүлүгү берилген Компаниянын Товарларды сатуу түйүнү.

12.Колдонуучунун жеке маалыматтары – Колдонуучу каттоо учурунда же Сервисти пайдалануу процессинде өзү жөнүндө берген, Колдонуучу жөнүндө маалыматтар же маалыматтардын жыйындысы, анын ичинде Колдонуучунун жеке маалыматтары, Сервисти пайдалануу процессинде Компанияга автоматтык түрдө берилүүчү маалымат, анын ичинде IP-дареги, cookie маалыматы, Колдонуучунун браузери жөнүндө маалымат жана Колдонуучу жөнүндө башка маалыматтар.

13. Акы төлөнүүчү кызматтар – Сервис тарабынан Колдонуучуга ушул Келишимде каралган тартипте акы төлөп көрсөтүлүүчү кызматтар.

14. Колдонуучу — ушул Келишимдин шарттарын кабыл алган жана Сервиске катталуу аркылуу Компанияга өзүнүн жеке маалыматтарын берген, же Сервисти пайдалануунун жүрүшүндө берилген, Компания/үчүнчү жактар тарабынан ушул Келишимде каралган шарттарда же Компания менен мындай Колдонуучунун ортосунда түзүлгөн өзүнчө жеке макулдашуулар боюнча Сервистин кызматтарын көрсөтүү же Колдонуучунун акы төлөнүүчү кызматтарын алуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн болгон ар кандай аракетке жөндөмдүү жеке жак же юридикалык жак. Колдонуучу Сервисте Тапшырыктарды тариздей алат.

15.Сервис – Компаниянын аппараттык комплекстерин жана программалык камсыздоолорун интеграциялоого арналган, өзүнө ар кандай операциялык системалардын базасында Интернет ресурсту (Сайт) www.globus-online.kg, Сайтка карата колдонмону жана башка сервистерди, Жеке кабинеттерди, ошондой эле программалык камсыздоону, Сайттын, Мобилдик колдонмонун жана башка сервистердин дизайнын (графикалык тариздөө), маалыматтар базасын, сервистердин ар кандай бөлүгүн (бөлүмчөсүн), ошондой эле Компаниянын сервистеринде, Сервистин башка катышуучулары тарабынан жайгаштырылган маалыматты камтыган техникалык чечим. Сервис Колдонуучуларга Товарды сатып алууга Тапшырыктарды тариздөөгө, аларды сатуу жана/же сатып алуу мыйзамда, ушул Келишимде жана башка Сервисти пайдалануу эрежелеринде уруксат берилген Товарларга карата кулактандырууларды жайгаштырууга мүмкүндүк берген курал болуп саналат.

16. Товарлар – Компаниянын Сервистери аркылуу сатып алууга сунушталган азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарлардын бардык түрлөрү.

17. “Промокод” – тамгалардын жана/же цифралардын уникалдуу айкалышы, Колдонуучуну активдештирүү шартында тиешелүү акциянын эрежелеринде көрсөтүлгөн өлчөмдө жана шарттарда Тапшырыктын наркына арзандатуу берилет.

Ушул бөлүмдө көрсөтүлбөгөн башка терминдер, аныктамалар жана шарттар Келишимдин шарттарынын контекстинен келип чыккан мааниге ылайык чечмеленет же ушул Келишимдин тиркемелеринде, өзүнчө макулдашууларда же Сервистин башка документтеринде аныкталышы мүмкүн. Келишимде колдонулган терминди же аныктаманы чечмелөөгө байланыштуу ар кандай пикир келишпестиктер келип чыккан учурда Компания тарабынан аныкталган чечмелөө колдонулат.

## 2. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. Компания Тапшырык кылууда Колдонуучу тандаган Товарларды сатат жана Колдонуучуга жеткирет, ал эми Колдонуучу сатып алынган Товарлардын баасын жана Компаниянын Товарларды чогултуу, таңгактоо жана жеткирүү кызматтарын төлөйт.

2. Эгерде Тапшырыктан Товарлар Тапшырыкты аткаруу учурунда Дүкөндө жок болсо, же алардын баасы айырмаланса, Компания Колдонуучу менен Товарды алмаштырууну (же Товардын баасын) макулдашууга жана мындай Товарды тапшырык кылынган Товарлардын тизмесинен алып салууга же Товарды өз алдынча алмаштырууга укуктуу.

3. Колдонуучуга таразалануучу Товардын акыркы баасы Тапшырыкта көрсөтүлгөн баадан айырмаланышы мүмкүн экендиги жана Компаниядан Товарларды сатып алууга кассалык чекте чагылдырыла тургандыгы кабарланды жана макул.

4. Компания Колдонуучуга жеткирип берүүгө Тапшырыкты алгандыгы жана Компаниянын тандоосу боюнча, электрондук почтаны/ мобилдик телефон номерин / PUSH билдирүүлөрүн колдонуп, Тапшырыкка оңдоолор киргизилгендиги жөнүндө билдирүүгө милдеттенет.

5. Колдонуучу тапшырык кылууда жана Товарга төлөөдө төмөнкүлөр колдонулбай турганына макул болот:

· Колдонуучунун online-картасынан бонус менен эсептен алуу.

6. Тапшырыкты жеткирип берүү Колдонуучу Тапшырык бергенде көрсөтүлгөн дарекке жана датага ылайык жүргүзүлөт.

7. Төлөмдөрдү жеткирүү жана кабыл алуу боюнча кызматтарды аткаруу үчүн Компания Келишимдин аткарылышы үчүн Колдонуучунун алдында жоопкерчиликтүү болуу менен үчүнчү жактарды тартууга укуктуу.

8. Тапшырыкты чогултуу жана аны жеткирип берүү Колдонуучу Буйрутмага жана жеткирип берүү боюнча кызматтарга төлөгөндөн кийин башталат.

9. Сервистин каталогунда жайгашкан Товарлардын сүрөттөрү иш жүзүндөгү тышкы түрүнөн айырмаланышы мүмкүн.

10. Интернет-дүкөндүн иштөө шарттары менен Колдонуучу https://globus-online.kg/delivery/ сайтында, "Иштернет-дүкөндүн иштөө шарттары" бөлүмүндө, ошондой эле Мобилдик колдонмодо тааныша алат.

## 3. ОФЕРТАНЫ КАБЫЛ АЛУУ ЫКМАСЫ ЖАНА ТАРТИБИ

1. Келишим ушул Офертада каралган шарттарда, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 399-беренесинин 3-пунктуна ылайык Колдонуучу www.globus-online.kg дареги боюнча Компаниянын Сервистеринде же Мобилдик колдонмосунда катталган, Товарды сатып алууга Тапшырык берген жана/же Товарды Колдонуучуга жөнөтүү үчүн Чабарманга берген жана/же Сервистин кызматтарына төлөгөн жана/же Сервис аркылуу сатылган Товарга төлөмдү кабыл алган жана/же Компаниядан жөнөтүлгөндү кабыл алган жана/же кандайдыр бир сервисти/анын айрым функцияларын пайдаланган жана/же Колдонуучу ушул Келишимди аткарууга багытталган конклюденттик аракеттерди жасаган учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет.

2. Колдонуучу ушул Келишимдин кандайдыр бир шарттарына макул болбогон учурда, Колдонуучу Сервиске кирүүдөн баш тартууга жана Сервистин кызматтарынан пайдаланууну токтотууга милдеттүү.

3. Компания тарабынан Сервисте көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртуу максатында, мыйзамдардын талаптарын сактоо жана рыноктук шарттардын өзгөрүшүнө жооп кайтаруу үчүн жана башка негиздүү учурларда ушул Келишимге Компания тарабынан бир тараптуу тартипте өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн. Келишимдин жаңы редакциясы эгерде Келишимдин жаңы редакциясында же Компания тарабы болуп саналган башка кошумча документтерде башкача каралбаса, ал айкын жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет.

4. Колдонуучу Келишимге киргизилген өзгөртүүлөргө макул болбогон учурда, ал Сервиске кирүүдөн баш тартууга, Сервистин кызматтарын колдонууну токтотууга милдеттүү.

5. Колдонуучу Келишимдин шарттарын өзгөртүү боюнча сунуштарды киргизүүгө укуктуу, мында сунушталган өзгөртүүлөр боюнча акыркы чечимди Компания кабыл алат.

6. Колдонуучу Колдонуучуларга жана ушул Келишимге, Сервиске тиешелүү маалыматтар менен өз убагында таанышуу үчүн өз алдынча жоопкерчилик тартат жана ушул Келишим боюнча кабыл алынган милдеттерди аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Колдонуучуну жоопкерчиликтен бошотуучу жагдай катары тигил же бул маалымат менен, анын ичинде көрсөтүлгөн документтердеги өзгөртүүлөр менен өз убагында таанышпагандыгына таянууга укугу жок.

## 4. КЕЛИШИМГЕ КОШУЛУУ АКЦЕПТИНИН ТАРТИБИ ЖАНА КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ

1. Ушул Келишим Колдонуучуну каттоо фактысынан көз карандысыз Келишимдин 3-бөлүмүнүн 1-пунктунда көрсөтүлгөн аракеттерге ылайык Колдонуучу Сервистин кызматтарын колдонуп баштаган учурдан тартып күчүнө кирет жана мөөнөтсүз колдонулат.

2. Колдонуучу бул тууралуу Компанияга алдын ала билдирбестен жана себептерин түшүндүрбөстөн, бир тараптуу тартипте Сервиске катталууну токтотууга укуктуу.

3. Төмөнкү учурларда Компания тарабынан Колдонуучу менен Келишим токтотулушу мүмкүн:

3.1. Колдонуучунун ушул Келишимдин жана/же КР мыйзамдарынын шарттарын бузуусу, Сервиске же Компанияга, анын ичинде анын беделине же Сервистин башка колдонуучуларына кандайдыр бир зыян келтирүү же зыян келтирүү коркунучу;

3.2.Компаниянын же Сервистин саясатына карама-каршы келбеген башка аракеттерди ишке ашыруу;

4. Сервис иштебей турган мезгилде Компаниянын программалык камсыздоосун жаңыртууга же техникалык мүчүлүштүктөргө байланыштуу Келишим түзүү мүмкүн эмес.

5. Сервис аркылуу Товарды сатып алуу менен Колдонуучу Келишимде аныкталган, ошондой эле Сервисте жайгаштырылган Товарды сатып алуунун бардык олуттуу шарттарына макулдугун билдирет.

6. Колдонуучу ушул Келишимдин жоболорун, Компания тарабынан Сервисте жайгаштырылган жана Колдонуучу акцептеген башка кошумча документтерди же эрежелерди жана/же колдонуудагы КР мыйзамдарынын ченемдерин, моралдын жана адеп-ахлактуулуктун ченемдерин бузган учурда, Компания Колдонуучунун кирүү мүмкүндүгүн жеке ыктыяры боюнча токтотууга укуктуу. Кызматтарга кирүү мүмкүндүгү токтотулган же маалыматтары жараксыз болуп калган Колдонуучунун кайра катталууга укугу жок, ошондой эле мындай Колдонуучунун Сервиске кирүү үчүн башка Колдонуучунун эсепке алуу жазуусун пайдаланууга укугу жок. Укуктук мамилелер Компания тиешелүү чечим кабыл алгандан кийин гана калыбына келтирилиши мүмкүн.

## 5. КОЛДОНУУЧУНУ КАТТОО

1. Тапшырыкты тариздөө үчүн Колдонуу Сервисте каттоону жүргүзөт.

2. Колдонуучуну Колдонмодо каттоо ага автоматтык түрдө Колдонмо аркылуу Тапшырык берүү укугун берет.

3. Компаниянын интернет сайты: www.globus-online.kg (мындан ары интернет-сайт) аркылуу Тапшырык берүү үчүн Колдонуучу интернет-сайтта каттоодон өтүүгө тийиш.

4. Интернет сайтта каттоо максаттары үчүн Колдонуучу өзүнүн төмөнкү жеке маалыматтарын көрсөтөт:

- Фамилиясы жана аты;
- Тапшырыкты жеткирүү дареги;
- Электрондук почта дареги;
- Байланыш телефон.

5. Сервисте катталуу менен, Колдонуучу:

5.1. өзүнүн аракетке жөндөмдүүлүгүн жана Келишимдин шарттарына макулдугун тастыктайт;

5.2. Тапшырыкты ушул Келишимде берилген шарттарда тариздөөнүн натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат;

5.3. ал киргизген маалыматтардын тактыгын, толуктугун жана аныктыгын ырастайт жана ал үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат;

5.4. Тапшырыкка төлөө жана жеткирүү үчүн маалыматтарды берүүдө кетирилген каталарга жана так эместиктерге байланыштуу тобокелдиктерди өзүнө алат;

5.5. катталууда же Жеке кабинетте көрсөтүлгөн, Тапшырыкты аткарууга байланыштуу телефон номерине жана электрондук почта дарегине Компаниядан чалууларды жана билдирүүлөрдү кабыл алууга макул болот.

6. Сервистерде каттоодо Колдонуучу анык эмес маалыматты берген факты аныкталган учурда, Компания каттоону токтото турууга же жокко чыгарууга жана/же Колдонуучуга Тапшырыктарды жайгаштыруудан баш тартууга укуктуу. Компания каттоо учурунда Колдонуучунун туура эмес маалымат бергендигинин кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартпайт.

7. Бир Колдонуучу телефон номерин колдонуп бир эсепке алуу жазуусун гана каттай алат. Бир Колдонуучунун бир нече эсепке алуу жазууларын түзүүсү ушул Келишимди бузуу болуп саналат.

8. Колдонуучунун Колдонуучу болуп саналбаган адамдын атынан эсепке алуу жазуусун каттоого жана өзүнүн каттоо маалыматтарын башка жактарга берүүгө укугу жок. Жеке кабинеттин эсепке алуу маалыматтарын үчүнчү жактарга берген учурда, Колдонуучу бардык мүмкүн болгон терс кесепеттер үчүн өз алдынча жоопкерчилик тартат.

9. Колдонуучу каттоо учурунда көрсөтүлгөн логинди жана паролду үчүнчү жактарга билдирбөөгө милдеттенет. Колдонуучуда анын логининин жана паролунун коопсуздугуна же аларды үчүнчү жактар тарабынан санкцияланбаган пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу шектенүүлөр жаралган учурда, Колдонуучу бул тууралуу Компанияга globus-online@market.kg дареги боюнча электрондук кат жөнөтүү менен дароо билдирүүгө милдеттенет.

10. Компания бир тараптуу тартипте Сервистерде каттоо жол-жобосун өзгөртүүгө укуктуу.

## 6. ТАПШЫРЫК

1. Тапшырык Колдонуучу тарабынан тариздселди жана Компания тарабынан аткарууга кабыл алынды деп эсептелет, эгерде:

1.1. Колдонуучу Сервистин тиешелүү тилкелеринде туура маалыматты киргизген;

1.2. Колдонуучу тарабынан алардын жок дегенде бирөө Дүкөндө болгон Товарлар тандалган;

1.3. Колдонуучу Тапшырыкка жана аны жеткирүүгө Сервис аркылуу төлөгөн.

2. Колдонуучунун Тапшырыкты тариздөөсү Колдонуучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык ага берилүүгө тийиш болгон бардык маалыматты алгандыгын жана Компанияга Тапшырыктын мазмуну менен толук жана шартсыз макулдугун билдиргенин жана Келишим түзүүгө шартсыз макулдугун билдирет. Колдонуучу тарабынан Тапшырыкты тариздөөдө Тапшырыкка уникалдуу номер ыйгарылат. Бир Колдонуучуда Колдонуучунун жеке маалыматтарына дал келген бир нече жарактуу тапшырык номерлери болушу мүмкүн.

3. Тапшырыкты тариздегенден кийин Тапшырыкты ырастоо, жеткирүү жана төлөө шарттарын тактоо үчүн Колдонуучу менен Компаниянын байланыш борборунун оператору байланышат. Эгерде Тапшырык түшкөн учурдан тартып 1(бир) сааттын ичинде Компаниянын байланыш борборунун оператору кандайдыр бир себептер боюнча Колдонуучу менен байланыша албаса, анда Компания Тапшырыкты жокко чыгарууга укуктуу.

4. Эгерде Колдонуучу Тапшырыкты тариздегенден кийин Компаниянын байланыш борборунун оператору тапшырык кылынган Товардын керектүү санынын жоктугун аныктаса, анда Компаниянын байланыш борборунун оператору Тапшырык түшкөн учурдан тартып 1 (бир) сааттын ичинде бул жөнүндө Колдонуучуга маалымдайт. Колдонуучу Товарды Компанияда болгон санда сатып алууга макул болууга же өзүнүн Тапшырыгын жокко чыгарууга укуктуу. Колдонуучу телефон аркылуу кабарлаган учурдан тартып 5 (беш) мүнөттүн ичинде жооп албаган учурда, Компаниянын байланыш борборунун оператору Тапшырыкты жокко чыгарууга укуктуу.

5. Колдонуучу Тапшырыктын курамын өзгөртүүгө же Товар жеткирилгенге чейин каалаган убакта Тапшырыктан баш тартууга укуктуу.

6. Колдонуучу Товар жеткирилгенден кийин 14 (он төрт) календардык күндүн ичинде Компаниянын байланыш борборунун операторуна билдирүү менен, тиешелүү сапаттагы Товардан баш тартууга укуктуу. Ушул Офертанын шарттарына макул болуу менен, Колдонуучу талаптагыдай сапаттагы Товарды кайра кайтарып берүү тартиби жана мөөнөттөрү менен таанышкандыгын ырастайт.

7. Тапшырык боюнча Товарларды жеткиргенден кийин Колдонуучу Тапшырыктан баш тарткан учурда Компания Товарды жеткирип берүү кызматынын наркын Тапшырыкты тариздөөдө көрсөтүлгөн өлчөмдө Колдонуучудан кармап калууга укуктуу.

8. Компания Колдонуучу Тапшырыктан баш тартты деп эсептөөгө укуктуу, эгерде:

8.1. Колдонуучу Тапшырык түшкөндөн кийин 1 (бир) сааттын ичинде Тапшырыкты жана байланыш маалыматтарын тастыктоо максатында Тапшырыкты алгандан кийин Компаниянын чалуусун кабыл алган эмес;

8.2. Колдонуучу жеткирүү убактысы жана датасы жөнүндө туура эмес маалыматты көрсөткөн жана Тапшырыкты кабыл ала албайт же тандалган дарек боюнча ал тандаган күнү жана убакытта үчүнчү жактар тарабынан кабыл алынышын камсыздай албайт.

8.3. Колдонуучу байланыш маалыматтары боюнча туура эмес маалыматты көрсөткөн жана Компания Колдонуучу менен көрсөтүлгөн телефон номери аркылуу байланыша алган эмес же жеткирүү дареги туура эмес көрсөтүлгөн.

9. Колдонуучу Тапшырыктын аткарылышына байланыштуу өзү көрсөткөн телефондорго байланыш борборунун операторлорунун жана чабармандарынын чалууларын кабыл алууга, ошондой эле Тапшырыкты тариздөөдө Колдонуучу көрсөткөн дарек боюнча Тапшырыкты кабыл алууга даяр экендигин тастыктайт.

10. Товарды жеткирүү мөөнөтү Тапшырыкты тариздөөдө Колдонуучу тарабынан көрсөтүлөт. Колдонуучу жүктөмдүн эң жогорку сааттарында, жолдогу жагдайды эске алуу менен, ошондой эле майрам күндөрдүн алдында тариздөө жана жеткирүү мөөнөттөрү Компания тарабынан бир тараптуу узартылышы мүмкүн экенине макул болот. Мындай учурда Компания Колдонуучуга жеткирүү убактысынын узартылгандыгы жөнүндө Сервисте же Тапшырыкты тариздөөдө көрсөтүлгөн телефон номери аркылуу маалымдайт. Жеткирүү наркы Товардын наркынын өлчөмүнө жараша өзгөрүшү мүмкүн. Жеткирүү наркы, мөөнөтү, убактысы жана башка шарттары менен Компаниянын байланыш борборунун операторунан же Компаниянын Сервисинен таанышууга болот.

11. Товар Тапшырыкты тариздөөдө ал көрсөткөн жеткирүү дареги боюнча Колдонуучунун өзүнө, ал эми Колдонуучу жок болгон учурда – Колдонуучу жеткирүү дареги катары көрсөткөн жерде болгон каалаган адамга берилет. Товарды жеткирген адамдын жана Товарды Колдонуучу көрсөткөн дарек боюнча кабыл алган адамдын ыйгарым укуктары алар аракеттенген жагдайдан келип чыгат. Колдонуучу Товарды ыйгарым укугу жок адам тарабынан алынгандыгына байланыштуу доомат коюуга укуксуз.

12. Компания эгерде Товарды чогултуу учурунда Товар жок болсо же Товардын сапаты начар болсо, Товарды кем жеткирүү үчүн жоопкерчилик тартпайт.

## 7. ТАПШЫРЫКТЫ КАБЫЛ АЛУУ

1. Колдонуучу Тапшырыкта көрсөтүлгөн дарек боюнча жана мөөнөттө Тапшырыкты кабыл алууга милдеттенет. Колдонуучу чабарманга жеткирүү дареги жөнүндө так маалыматты камсыз кылууга, ошондой эле көрсөтүлгөн дарек боюнча чабармандын эркин жана тоскоолдуксуз, анын ичинде: домофонду, чалууну, сүйлөшүү түзүлүштөрүн, өтүүнү көзөмөлдөө түзүлүштөрүн, консьерж кызматын, күзөт, өткөрүү системасын ж.б. пайдалануу менен кирүүсүн камсыз кылууга милдеттенет.

2. Тапшырыкты бергенде Колдонуучу Товардын тышкы түрүн жана өндүрүүчүнүн таңгагынын бүтүндүгүн, Товардын ассортиментин, анын санын жана комплектациясын текшериши керек. Колдонуучунун товардык коштомо кагазга эскертүүлөрдү көрсөтүүсүз кол коюусу, кабыл алуу учурунда Товарда ачык байкалган кемчиликтер жана бузулуулар жок экендигин, кабыл алынган Товардын ассортименти, саны жана комплектациясы Колдонуучу тарабынан мурда ырасталган Тапшырыктын курамына ылайык келерин билдирет. Эгер жеткирип берүүнү аткарган чабарман кандайдыр бир себептерден улам Колдонуучудан Товарларды кабыл ала албаса, Колдонуучу Компаниянын байланыш борборуна кайрылышы керек.

3. Товардын кокустан жок болуу же кокустан бузулуу тобокелдиги ага Тапшырык берилген учурдан тартып Колдонуучуга өтөт. Товарга менчик укугу Товарга толук төлөнгөн жана жеткирип берүүнү тастыктаган документтерге кол коюлган шартта Тапшырык ага берилген учурдан тартып Колдонуучуга өтөт.

4. Тапшырыкты берүү боюнча Компаниянын милдеттенмелери Товар Колдонуучуга тапшырылган учурдан тартып аткарылды деп эсептелет.

## 8. ТАПШЫРЫККА ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ

1. Тапшырыктын толук наркы Товардын наркынан жана Товардын салмагын жана жеткирүү районун эске алуу менен, жеткирүү кызматтарынын наркынан турат. Компаниянын Сервисинде Колдонуучу Товарды жеткирүү тарифтери менен тааныша алат.

2. Товардын баасы Сервистерде көрсөтүлгөн. Колдонуучу тарабынан тапшырык кылынган Товардын баасы туура эмес көрсөтүлгөн учурда оңдолгон баа боюнча Тапшырыкты тастыктоо же Тапшырыкты жокко чыгаруу үчүн Компаниянын байланыш борборунун оператору мүмкүнчүлүк болору менен бул тууралуу Колдонуучуга маалымдайт.

Колдонуучу менен байланышууга мүмкүн болбогон учурда бул Тапшырык жокко чыгарылды деп эсептелет.

3. Сервистеги Товардын баасы Компания тарабынан бир тараптуу өзгөртүлүшү мүмкүн. Мында Колдонуучу тарабынан тастыкталган Тапшырыкта Товардын баасы өзгөртүлбөйт.

4.Тапшырыкка төлөө тандалган төлөө ыкмасынын шарттарына ылайык жүргүзүлөт:

· накталай акча менен, Тапшырыкты чабарман бергенде;

· накталай эмес (эсептешүү эсебинен, банктык карта менен, электрондук төлөм системалары аркылуу) акча каражаттары менен;

· накталай эмес эсептешүүнүн башка ыкмалары.

5. Колдонуучу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 699-беренесине ылайык Тапшырыктан баш тартканда Компания тарткан зыяндардын ордун толук толтуруп берген шартта гана Колдонуучу акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүү келишими боюнча милдеттенмелерин аткаруудан баш тартууга укуктуу экенин өзүнө кабыл алат, ошондуктан Колдонуучу жеткирип берүү менен бирге тапшырык берилген Товардын толук наркын төлөйт.

6. Компания Тапшырыкка төлөнгөнгө чейин жеткирип берүү, куроо жана таңгактоо наркын бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө укуктуу.

## 9. ТОВАРДАРДЫ ЖАНА АКЧА КАРАЖАТТАРЫН КАЙРА КАЙТАРУУ

1. Компания аны Компанияга кайтарып берүү үчүн Колдонуучунун өтүнүчү боюнча каалаган товарды алып кетүүгө укуктуу.

2. Компания КР жарандык мыйзамдарына (атап айтканда, “Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө” КР Мыйзамына) ылайык Компанияга кайтарылбай турган Товарларды кайра кайтарууга кабыл алууга укуктуу, бирок милдеттүү эмес.

3. Тийиштүү сапаттагы Товарды кайра кайтаруу 14 (он төрт) күндүн ичинде ишке ашырылат жана анын товардык көрүнүшү, таңгактын бүтүндүгү, керектөө касиеттери, сатылган Товар менен бирге берилген кассалык чек сакталган учурда гана мүмкүн болот.

4. Тапшырыкты кабыл алууда Товарлар кайра кайтарылган учурда Тараптар кайра кайтарылуучу Товарды белгилеп, товардык коштомо кагазга жана ККМ чегине кол менен оңдоолорду киргизишет. Колдонуучу тарабынан Товар үчүн төлөө Товардын өзгөртүлгөн наркына ылайык жүргүзүлөт. Өзгөртүлгөн кассалык чекти алуунун ыңгайлуу ыкмасы (электрондук почта, же интернет мессенджерлери) Колдонуучу менен макулдашылат.

5. Эгерде Тапшырык банктык картадан (банктык эсептен) алдын ала төлөнгөн болсо, акча каражаттарын кайра кайтаруу Колдонуучу тарабынан тиешелүү талап коюлган күндөн тартып 10 (он) жумуш күнү ичинде же Компания кайра кайтарылып берилген Товарды алган же кийинки Тапшырыкта талаптарды өз ара эсептешкен күндөн тартып 5 (беш) жумуш күнүнөн кеч эмес Колдонмодогу бонустук эсепке баллдарды же промокодду берүү аркылуу ишке ашырылат. Колдонуучунун эсебинде акчанын жеткиликтүү болушунун акыркы мөөнөтү Колдонуучунун картасын чыгарган банктан көз каранды болот.

6. Товарга карата доомattар болгон учурда Колдонуучу кайрылууга Товарды сатып алгандыгын тастыктаган кассалык чектин сүрөтүн, ошондой эле Товардын сапатынын начардыгын же Тапшырыктын комплекттүүлүгүнө шайкеш келбегендигин тастыктоо үчүн фото жана видео материалдарды тиркеши керек.

7. Колдонуучу Товарды алгандан жана төлөгөндөн кийин Товардын кемчиликтери аныкталган учурда (жашыруун кемчиликтер), эгерде мындай кемчиликтер Компаниянын

байланыш борборунун оператору тарабынан эскертилбесе жана Колдонуучу Товарды кабыл алууда аны аныктай албаса, Колдонуучу Товардын кызмат өтөө мөөнөтүнүн ичинде өзүнүн тандоосу боюнча төмөнкүлөргө укуктуу:

· ошол эле маркадагы (ошол эле моделдеги жана (же) артикулдагы) Товарга алмаштырууну талап кылууга;

· сатып алуу баасын тиешелүү түрдө кайра эсептөө менен башка маркадагы (моделдеги, артикулдагы) ушундай эле Товарга алмаштырууну талап кылууга;

· Товардан баш тартууга жана Товар үчүн төлөнгөн сумманы кайтарып берүүнү талап кылууга. Мындай учурда Компаниянын эсебинен Колдонуучу кемчиликтери бар Товарды кайтарып бериши керек.

## 10. ПРОМОКОДДОР ЖАНА АКЦИЯЛАР. БОНУСТУК ПРОГРАММА

1. Колдонмодо Колдонуучунун бонустук программага катышуу мүмкүнчүлүгү жүзөгө ашырылат.

2. Бонустук программага катышуу шарттары Сервисте жайгаштырылган.

3. Колдонуучу Колдонмодо же Сайтта авторизациялоо жана бонустук программага катталуу шарттарында бонустук программага катыша алат.

4. Колдонуучу бир Тапшырыктын алкагында промокодду же бонустук баллды колдоно алат.

## 11. ЭЛЕКТРОНДУК БИЛДИРҮҮЛӨРДҮ, ДОКУМЕНТТЕРДИ ЖАНА КЕЛИШИМ БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИ АТКАРУУГА БАЙЛАНЫШТУУ БАШКА МААЛЫМАТТЫ САКТОО ТАРТИБИ

1. Компания Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга байланыштуу электрондук билдирүүлөрдү, документтерди жана башка маалыматтарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык сактоону камсыз кылат.

## 12.ЖЕКЕ МҮНӨЗДӨГҮ МААЛЫМАТТАРГА, ЭЛЕКТРОНДУК БИЛДИРҮҮЛӨРГӨ, ДОКУМЕНТТЕРГЕ, КЕЛИШИМ БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИ АТКАРУУГА БАЙЛАНЫШТУУ БАШКА МААЛЫМАТКА ЖЕТҮҮ МҮМКҮНДҮГҮН КАМСЫЗДОО ТАРТИБИ

1. Компания Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга байланыштуу жеке жана коммерциялык мүнөздөгү маалыматтарды, электрондук билдирүүлөрдү, документтерди, башка маалыматтарды аларды сактоо убагында, ошондой эле берүү процессинде коргоонун бардык жеткиликтүү механизмдерин ишке ашырат.

## 13. ДАТТАНУУЛАРДЫ КАРОО ЖОЛ-ЖОБОСУ ЖАНА КАЙРЫЛУУ ҮЧҮН БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТЫ

1. Сервистин Колдонуучусунун укуктары бузулган учурда, укугу бузулган колдонуучу ал үчүн ыңгайлуу ыкма менен Компанияга тиешелүү даттануу менен кайрыла алат. Компания даттанууну карап чыгат, эгерде ал негиздүү болсо, Компания Колдонуучунун укуктарынын бузулушун токтотуу боюнча чараларды көрүүгө укуктуу.

## 14. БАШКА ШАРТТАР

1. Колдонуучу Сервистин бардык материалдары жана кызматтары же алардын бир бөлүгү жарнама менен коштолушу мүмкүн деген жобону кабыл алат. Колдонуучу Компания эч

кандай жоопкерчиликке ээ эместигине жана мындай жарнамага байланыштуу эч кандай милдеттенме тартпай турганына макул. Колдонуучу мындай жарнама боюнча Компанияга карата дооматтардан баш тартат.

2. Сервисте катталуу ыктыярдуу болуп саналат. Сервисте катталган учурда Колдонуучу Сервистин кошумча кызматтарына жетүү мүмкүндүгүн алат. Компания каалаган убакта Колдонуучудан каттоодо көрсөтүлгөн маалыматтарды тастыктоону талап кылууга жана тастыктоочу документтерди сурап алууга укуктуу.

3. Компания каалаган учурда Колдонуучуну КР мыйзамына каршы келбеген, Компания тарабынан аныкталган ыкма менен верификациялоого укуктуу. Эгерде Колдонуучу верификациялоодон өтпөсө, Компания Сервисти колдонуу мүмкүнчүлүгүнө тыюу салууга же чектөөгө, атап айтканда, кулактандырууларды жайгаштырууга, редакциялоого, жаңыртууга ж.б. укуктуу. Верификациялоодон өтө турган Колдонуучуларды тандоо Компания тарабынан өз ыктыяры боюнча ишке ашырылат.

4. Компания каттоодо жана/же авторизациялоодо Колдонуучулар тарабынан берилген маалыматтын тууралыгын текшерүү үчүн өзгөчө техникалык чечимдерди жана булактарды пайдаланууга укуктуу.

5. Компания Колдонуучу чындап өзүн тааныштырган адам экенине, ал эми Сервисте катталууда Колдонуучу берген маалымат туура экенине кепилдик бере албайт.

6. Компания өз ыктыяры боюнча ушул Келишимдин шарттарын бузган Колдонуучунун Сервистин кызматтарына жетүү мүмкүндүгүн токтотууга укуктуу.

7. Компания Колдонуучу башка адамдардын укуктарын же колдонуудагы КР мыйзамдарын бузган учурда, ошондой эле өзүнүн ыктыяры боюнча башка себептерден улам Колдонуучунун кирүү мүмкүндүгүн чектөөгө же токтотууга укуктуу.

8. Кызматтарга кирүү мүмкүндүгү токтотулган же маалыматтары жараксыз болуп калган Колдонуучу Компаниянын өзгөчө уруксатысыз кайра катталууга укуксуз. Мындай Колдонуучу Сервиске жана анын кызматтарына жетүү үчүн башка Колдонуучунун эсепке алуу дайындарын колдонууга укуксуз.

9. Колдонуучу каалаган убакта Компаниядан Сервистеги өзүнүн эсепке алуу жазуусун өчүрүүнү жана/же блоктоону талап кылууга укуктуу. Бул үчүн Колдонуучу Компаниянын электрондук почта дарегине: globus-online@market.kg тиешелүү талапты жөнөтүшү керек.

## 15. СЕРВИСТИ ПАЙДАЛАНУУ

1.Компания Сервис аркылуу Товарларды сатып алууга тапшырыктарды тариздөө укугун берет.

2. Колдонуучу мыйзамдарды же эл аралык укуктун ченемдерин, анын ичинде интеллектуалдык менчик, автордук жана/же чектеш укуктар чөйрөсүндөгү ченемдерди бузуу катары каралган, ошондой эле Сервистин кадимкидей иштешин бузууга алып келген же алып келиши мүмкүн болгон аракеттерди жасабоого макул болот.

3. Товарларга тиешелүү бардык бүтүмдөр түздөн-түз Колдонуучулар менен Компаниянын ортосунда түзүлөт. Компания мындай бүтүмдөрдү контролдойт жана алар үчүн (анын ичинде Товарлардын болушу, алардын сапаты жана аны өз алдынча ишке ашырса, жеткирип берүү үчүн) жоопкерчилик тартат.

4. Колдонуучунун Сервистеги комментарийлери, билдирүүлөрү, ошондой эле башка жазуулары мыйзам талаптарына жана моралдын жана адеп-ахлактуулуктун жалпы кабыл алынган ченемдерине карама-каршы келбеши керек.

5. Колдонуучуга Компания Сервисте шилтемеси камтылышы мүмкүн болгон тышкы ресурстарга кирүү жана пайдалануу үчүн жоопкерчилик тартпай тургандыгы жөнүндө эскертилди.

## 16. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК

1. Сервисте пайдаланылган программалардын, маалыматтардын, соода маркаларынын, автордук укук объекттеринин жана башка объекттердин жыйындысы анын мыйзамдуу укук ээлеринин интеллектуалдык менчиги болуп саналат жана интеллектуалдык менчик жөнүндө мыйзамдар, ошондой эле тиешелүү эл аралык укуктук макулдашуулар жана конвенциялар менен корголот.

2. Компания сайт жайгашкан домендик аталыштын, сайттын, мобилдик колдонмолордун, Сервис тарабынан түзүлгөн маалымат базаларынын (анын ичинде Сервистин Колдонуучуларынын маалымат базасынын), ошондой эле бүтүндөй Сервистин жана Сервистин программалык камсыздоосунун артыкчылыктуу ээси болуп саналат.

3. Программалык камсыздоону жүктөөдө, Компания Колдонуучуга үчүнчү жактарга өткөрүп берүү укугусуз программалык камсыздоону колдонууга жеке акысыз артыкчылыктуу эмес лицензия берет.

4. Мындай лицензия Колдонуучуга Сервистин кызматтарын пайдалануу жана Сервистин функцияларына ылайык алардан пайда алуу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн гана арналган.

5. Компаниянын интеллектуалдык менчик объекттерин (Сервисти) (анын ичинде программалык камсыздоону) Компаниянын жазуу жүзүндөгү уруксатысыз көчүрүүгө, өзгөртүүгө, жайылтууга, сатууга, алмаштырууга же ижарага берүүгө, ошондой эле программалык камсыздоонун баштапкы кодун “бузууга” же алууга аракет кылууга тыюу салынат. Сервистин курамына кирген жана Компанияга таандык болгон элементтерди, символикаларды, тексттерди, графикалык сүрөттөрдү, программаларды, маалымат базаларын жана башка объекттерди ушул Келишимде уруксат берилгенден тышкары, Компаниянын же башка мыйзамдуу укук ээсинин уруксатысыз пайдалануу мыйзамсыз болуп саналат жана соттук кароонун жана бузуучуларды мыйзамга ылайык жарандык-укуктук, административдик жана кылмыш жоопкерчилигине тартуунун себеби болушу мүмкүн.

## 17. ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ЧЕКТӨӨ.
## ФОРС-МАЖОР.

1. Колдонуучу Сервисте көрсөткөн бардык маалыматтар (анын ичинде жеке маалыматтар) Колдонуучу тарабынан анын Сервисти пайдалануусу үчүн жайгаштырылат. Текстти туура киргизүү, маалыматтарды киргизүү жана тиешелүү формаларды туура толтуруу үчүн Колдонуучу гана жоопкерчилик тартат.

2. Сервисти пайдаланууда Колдонуучунун мыйзамсыз, зыяндуу, жалаа жабуучу, адеп-ахлакты кемсинткен, зомбулукту жана ырайымсыздыкты көрсөткөн (же пропаганда болуп саналган), интеллектуалдык менчик укуктарын бузган, адамдарды расалык, этностук, жыныстык, диний, социалдык белгилери боюнча жек көрүүнү жана/же басмырлоону үгүттөгөн, кандайдыр бир адамдарга же уюмдарга карата кемсинтүүлөрдү камтыган, порнографиянын, балдар эротикасынын элементтерин (же пропаганда болуп саналган) камтыган, сексуалдык мүнөздөгү кызмат көрсөтүүнүн (анын ичинде башка кызмат көрсөтүүлөрдү жамынган) жарнамасы болгон (же пропаганда болуп саналган) контентти жүктөөгө, жөнөтүүгө, берүүгө же башка жол менен жайгаштырууга жана/же жайылтууга,

баңги заттарды же алардын аналогдорун, жардыргыч заттарды же башка курал-жарактарды ж.б. даярдоо, колдонуу же башка пайдалануу тартибин түшүндүрүүгө укугу жок.

3. Колдонуучу өзү жөнүндө тигил же бул маалыматты өзүнүн кызыкчылыгында, анын ичинде Колдонуучу менен байланышты жана/же Колдонуучуну идентификациялоону жеңилдетүү үчүн гана жайгаштырат.

4. Сервистин материалдарын Укук ээлеринин макулдугусуз пайдаланууга жол берилбейт. Сервистин материалдарын укук ченемдүү пайдалануу үчүн Укук ээлери менен лицензиялык келишимдерди түзүү (лицензияларды алуу) зарыл.

5. Сервистин материалдарын, анын ичинде корголгон автордук чыгармаларды цитаталоодо Сервиске шилтеме жасоо милдеттүү.

6. Колдонуучуга Компания Сервисте шилтеме берилиши мүмкүн болгон тышкы ресурстарга кирүү жана пайдалануу үчүн жоопкерчилик тартпай тургандыгы эскертилди.

7. Колдонуучу Колдонуучу менен Компаниянын ортосундагы бардык талаш-тартыштар сүйлөшүүлөр аркылуу чечиле турганына, макулдашууга жетишилбеген учурда талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына же Кыргыз Республикасынын сот органдарына кароого бериле турганына макул болот.

8.Колдонуучу ага төмөнкүлөргө тыюу салынганын түшүнөт жана макул болот:

8.1. мындай пайдалануу Келишимде же Сервистин ишинин спецификасында түз каралгандан, же Колдонуучу Компаниядан жазуу жүзүндө уруксат алгандан тышкары, Компаниянын сервистеринин кайсы бир бөлүктөрүн (анын ичинде сервистер аркылуу Колдонуучуга жеткиликтөө болгон контентти) же аларга кирүү мүмкүндүгүн кайра чыгаруу, кайталоо жана көчүрүү, сатуу жана кайра сатуу, ошондой эле коммерциялык максатта колдонуу;

8.2. мыйзамдарга же кандайдыр бир келишимдик мамилелерге ылайык мындай иш-аракеттерге укугу жок болгон учурда контентти жүктөө, жөнөтүү, берүү же башка жол менен жайгаштыруу жана/же жайылтуу;

8.3. атайын уруксат берилбеген жарнамалык маалыматты, спамды (анын ичинде издөө), башкалардын электрондук почта даректеринин тизмесин, көп деңгээлдүү (тармактык) маркетингди (MLM), “бакыт каттарын” жүктөп алуу, жөнөтүү, берүү же башка жол менен жайгаштыруу жана/же жайылтуу, ошондой эле Компаниянын сервистерин ушул иш-чараларга катышуу үчүн пайдалануу, же колдонуучуларды башка домендердин баракчаларына кайра багыттоо үчүн гана Компаниянын сервистерин пайдалануу;

8.4. санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүн жүзөгө ашыруу үчүн ар кандай компьютердик же телекоммуникациялык жабдууларды же программаларды бузууга, жок кылууга же алардын функционалдуулугун чектөөгө арналган вирустарды же башка компьютердик коддорду камтыган кандайдыр бир материалдарды, файлдарды же программаларды, ошондой эле коммерциялык программалык продукттарга карата сериялык номерлерди жана аларды түзүү үчүн программаларды, логиндерди, паролдорду жана Интернеттеги акы төлөнүүчү ресурстарга санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүн алуу үчүн башка каражаттарды жүктөө, жөнөтүү, берүү же башка ыкма менен жайгаштыруу жана/же жайылтуу, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн маалыматка шилтемелерди жайгаштыруу;

8.5. башка жол менен мыйзамдардын ченемдерин, анын ичинде эл аралык укуктун ченемдерин бузуу.

9. Компания Компаниянын макулдугусуз (уруксатысыз) жана/же ага билдирбей туруп ишке ашырылган Сервистин кызматтарына жана/же Колдонуучулар жөнүндө ар кандай

маалыматка (анын ичинде жеке маалыматтарга) үчүнчү жактардын жетүү мүмкүндүгү үчүн жоопкерчилик тартпайт.

10. Колдонуучу Сервистин бардык материалдары же алардын ар кандай бөлүгү жарнама менен коштолушу мүмкүн деген жобону кабыл алат. Колдонуучу Компания мындай жарнамага байланыштуу эч кандай жоопкерчилик тартпай турганына жана эч кандай милдеттенмеге ээ эместигине макул болот.

11. Сервисте жайгаштырылган ар кандай сайтка, кызматка, коммерциялык же коммерциялык эмес мүнөздөгү ар кандай маалыматка шилтеме (ар кандай формада) бул Компаниянын ресурстарында түз көрсөтүлгөндөн тышкары, Компания тарабынан бул кызматтарды, ишти жактыруу же сунуштама болуп саналбайт.

12. Компания ар кандай программалык үзгүлтүктөр, бузулуулар жана башка техникалык жана программалык бузулуулар, ошондой эле үчүнчү жактар тарабынан Сервиске же Сервис аркылуу берилиши мүмкүн болгон каталар, программалык вирустар ж.б. үчүн жоопкерчилик тартпайт.

13. Колдонуучу колдонуудагы мыйзамдарга жана ушул Келишимге ылайык гана аракеттенүүгө, ошондой эле Сервисте жана Сервистин кызматтарын пайдаланууда өзүнүн аракеттери жана/же аракетсиздиги үчүн мыйзамдарга ылайык толук жоопкерчилик тартууга милдеттенет.

14. Колдонуучунун укугу бузулган учурда, укугу бузулган Колдонуучу ал үчүн ыңгайлуу каалаган формада тиешелүү арыз менен Компанияга кайрыла алат. Компания даттанууну карап чыгат, эгерде ал негиздүү болсо, Компания Колдонуучунун укуктарынын бузулушун токтотуу боюнча чараларды көрүүгө укуктуу.

15. Тараптардын бири да мындай милдеттенмелерди аткаруу Тараптар түзүү учурунда алдын ала билбеген жеңилгис күч жагдайларынан улам кечиктирилсе же бузулса, ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы үчүн жооптуу деп эсептелбейт. Мындай жагдайлар болуп саналат: жер титирөө, суу ташкыны, өрт, башка табигый кырсыктар, куралдуу чыр-чатактар жана интервенция, террористтик актылар, массалык баш аламандыктар, элдик толкундоолор, иш таштоолор, мыйзамдардагы өзгөрүүлөр, мамлекеттик бийлик органдарынын чечимдери, ошондой эле Тараптардын Келишимдин шарттарын аткаруусуна түздөн-түз таасир этүүчү башка жагдайлар.
16. Кандай гана жагдай болбосун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 14-беренесине ылайык Компаниянын жоопкерчилиги 10 000 (он миң) сом менен чектелет жана анын аракеттеринде күнөө бар болсо ага жүктөлөт.

## 18. БАШКА ШАРТТАР

1. Ушул Келишимдин шарттарын аткаруунун жүрүшүндө же ага байланыштуу Тараптардын ортосунда келип чыгышы мүмкүн болгон бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, ал эми соттук тартипте – Компаниянын жайгашкан жериндеги соттордо чечилет. Мында талаш-тартыштарды жөнгө салуунун сотко чейинки тартиби милдеттүү болуп саналат. Соттук териштирүүнүн тили  - орус тили.
2. Ушул Келишимге, ошондой эле ушул Келишимден келип чыгуучу Тараптардын мамилелерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдары колдонулат.
3. Компания ушул Келишимди бир тараптуу тартипте жана Колдонуучуларга билдирүүсүз өзгөртүүгө укуктуу. Келишимдин жаңы редакциясы Сервисте жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
4. Келишимде эч нерсе Колдонуучу менен Компаниянын ортосунда агенттик мамилелерди, шериктештик мамилелерди, биргелешкен иш боюнча мамилелерди, жеке жалдоо

мамилелерин же Келишимде түздөн-түз каралбаган башка мамилелерди түзүү катары түшүнүлбөйт жана чечмеленбейт.
5. Келишимдин айрым жоболорунун жараксыздыгы (же мажбурлап аткартуунун мүмкүн эместиги) Келишимдин калган жоболорунун жарактуулугуна (же мажбурлап аткартуунун мүмкүндүгүнө) же бүтүндөй Келишимдин жарактуулугуна таасир этпейт. Компания тарабынан кандайдыр бир укукту жүзөгө ашырбоо (же жүзөгө ашыруудан баш тартуу) аны мындай укукту андан ары жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпайт.
6. Колдонуучулардын бири Келишимдин жоболорун бузган учурда Компаниянын аракетсиздиги Компанияны кийинчерээк өз кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо үчүн тиешелүү чараларды көрүү укугунан ажыратпайт.
7. Ушул Келишимде каралбаган бардык башка шарттар жана жагдайлар өзүнчө жеке тартипте жөнгө салынат. Колдонуучу ушул Келишимдин бардык пункттары менен таанышкандыгын ырастайт жана аларды шартсыз толук көлөмдө кабыл алат.

Компаниянын реквизиттери:

“Умай Групп” ЖЧК
Кыргызстан, Бишкек ш., Чокан Валиханов көч.,16
каттоо номери: 20454-3300-ЖЧК
ИУЖК: 23320546
СИН 01007200310037
УККН 999
“БАКАЙ БАНК” ААК
Эсеп №: 1240020000425792
БИК:124030
globus-online@market.kg
тел: 996 (550;772;502;) 77 11 99.